Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин

ОТЧЁТУ

Бишкек, 2021

МАЗМУНУ

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №757 Токтомун аткаруу.....3
2. Тесттин мазмуну боюнча маалымат 4
3. Тест жүргүзүү тартиби 4
4. Тест тапшырмаларын баалоо, жыйынтыктоо 5
5. Тест жыйынтыктары, Бишкек шаары.....8
6. Республика боюнча деңгээлдик көрсөткүчтөр.....9
7. Деңгээлдер боюнча көрсөткүчтөр, аймактар.....15
8. Республика боюнча тестке катыша элек кызматчылар.....18
9. «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин Лингвистикалык эксперттик кеңешмесинин корутундусу.....23
10. «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин Лингвистикалык эксперттик кеңешмесинин сунуштары.....23

1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 21-НОЯБРЫНДАГЫ №757 ТОКТОМУН АТКАРУУ

2014-жылдан бери «Кыргызтест» системасын иштеп чыгуу, жабдуу жана ишке киргизүү, калыптоо Кыргыз Республикасынын Президент Аппаратынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөт Аппаратынын түздөн-түз колдоолору менен ишке ашырылып келе жатат.

Каржылоо маселеси өз учурунда чечилип тургандыгынын натыйжасында 2014–2017-жылдары, кыска мөөнөттүн ичинде, система толугу менен калыптанып, усулдук-ченемдик расмий документтери жана деңгээлдик колдонмолору, бардык субтесттер боюнча тест базасы, системанын дистанттык компьютердик программалары, расмий сайты, тестти баалоо жана жыйынтыктоо технологиялары толугу менен иштелип чыкты.

Бул аралыкта «Кыргызтест» системасынын *«Мамлекеттик тилди билүү деңгээлине коюлган талаптары»* (A1–C1 деңгээлдери) толукталып, экинчи жолу басылып чыгарылды.

Эл аралык конференцияларда (2015–2019-жж. Астана ш., 2016–2019-жж. Москва ш.) маалыматтар берилип, Европа стандарттарына шайкеш иштелип чыккан «Кыргызтест» системасы дүйнөдө таанымал болгон системалардын кызыгуусун арттырды (Россия, Казакстан, Голландия, Грузия).

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкерлердин мамлекеттик тил боюнча тест тапшыруусу мамлекеттик кызматкерлер арасында республикабыздын бардык аймактарында тестти массалык түрдө жүргүзүүгө жол ачты.

2020-жылдан тартып мамлекеттик тил боюнча тесттер онлайн тартибинде жүргүзүлүп, Кыргыз Республикасынын Бельгия Королдугундагы, Австрия Республикасындагы, Франкфурт-на-Майне шаарындагы Консулдук агенттигиндеги, Украинадагы, Швейцария Конфедерациясындагы жана башка Элчиликтердин кызматкерлери тест тапшырышты.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №757 Токтомунун негизинде «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси тарабынан республика боюнча расмий каттоо аркылуу жүргүзүлгөн тестке:

- 2018-жылы 19 319 кызматкер;
- 2019-жылы 12873 кызматкер;
- 2020-жылы 2112 кызматкер;

- 2021-жылы 3352 кызматкер катышты.

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» 2011-жылдын 15-июлундагы №101 Мыйзамынын (42-берене. Шаар мэринин кызмат ордуна талапкерге коюлуучу талаптар; 48-берене. Айыл өкмөтүнүн башчысына коюлуучу талаптар) негизинде «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси тарабынан республика боюнча расмий каттоо аркылуу жүргүзүлгөн тестке 1685 талапкер катышты.

2. ТЕСТТИН МАЗМУНУ БОЮНЧА МААЛЫМАТ

Эл аралык стандарттарга шайкеш иштелип чыккан «Кыргызтест» системасынын негизинде Кыргыз Республикасында жүргүзүлүүчү тестте тилди үйрөтүүдөгү бардык тилдик көндүмдөр, тактап айтканда, жарандардын лексикалык жана грамматикалык нормаларды иш жүзүндө колдоно билүүсү; маалыматты өзү окуп жана угуп түшүнө алуусу; өз оюн оозеки жана жазуу жүзүндө жеткиликтүү билдире алуусу бааланат.

Тестке берилген тапшырмалар тажрыйбалуу окутуучулар жана мугалимдер тарабынан «Кыргызтест» системасынын деңгээлдик талаптарына ылайык илимий-методикалык жана статистикалык негизде иштелип чыккан «Кыргыз тилинин жыштык сөздүгүнө» шайкеш деңгээлдик «Лексикалык минимумдарга» таянуу менен түзүлөт жана аларга экспертиза жүргүзүлөт.

Тестте системанын деңгээлдик талаптарына ылайык күнүмдүк-тиричилик, социалдык-маданий, окуу жана расмий-иштиктүү (кесиптик) багыттагы тапшырмалар берилет.

3. ТЕСТ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ

«Кыргызтест» системасы боюнча жүргүзүлгөн тестте бардык субтесттер электрондук тартипте (компьютерде) аткарылат.

«Лексика. Грамматика», «Угуу» жана «Окуу» субтесттеринин жыйынтыгы компьютердик программа аркылуу эсептелип, акыркы тапшырма аткарылар замат, дароо экранда көрсөтүлөт.

«Жазуу» жана «Сүйлөө» субтесттери да электрондук тартипте жүргүзүлөт. Тест тапшыруучунун жооптору серверге жөнөтүлөт. Тест жооптору аралыктан (дистанттык тартипте) атайын даярдалган эксперттер тарабынан текшерилет. Жалпы жыйынтык сайтка жайгаштырылат.

Кошумча маалымат:

Россия Федерациясынын ТРКИ системасы, Казакстандын «Казтест» системасы боюнча тесттерде:

- мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо тести бланктык түрдө жүргүзүлөт;
- «Лексика. Грамматика», «Окуу», «Угуу» субтесттери боюнча тапшырмалар атайын басмаканада кагазга чыгарылат. Тест варианттары тест тапшыруучуларга кол менен таркатылып, тест бланктык тартипте (кагаз түрүндө) аткарылат;
- «Жазуу» субтести да бланктык түрдө жүргүзүлүп, жооптору баракка жазылат. «Сүйлөө» субтестинде тест тапшыруучу берилген тапшырма боюнча комиссиянын алдында жооп берет (*Россия*), ал эми Казакстандын «Казтест» системасында «Сүйлөө» субтести 2020-жылы жаңыдан киргизилүүдө.

4. ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫН БААЛОО, ЖЫЙЫНТЫКТОО

««Кыргызтест» мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо системасы жөнүндө», «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар үчүн мамлекеттик тилди милдеттүү түрдө билүү деңгээли жана көлөмү жөнүндө» Жоболордо каралган тартип боюнча тест жооптору төмөндөгүдөй бааланууда:

1. Тест тапшыруучу бардык беш субтесттен («Лексика. Грамматика», «Окуу», «Угуу», «Жазуу» жана «Сүйлөө») 60% же андан жогору көрсөткүчкө ээ болгон учурда, жыйынтыгы «канааттандырарлык» деп чыгарылат (*Эл аралык стандарт: Кыргызстан, Россия, Казакстан ж.б.*).
2. Тест тапшыруучу тесттин кайсы бир бөлүгүнөн 60%дан төмөн көрсөткүчкө ээ болгон учурда, «канааттандырарлык эмес» деген жыйынтык чыгарылат. (*Эл аралык стандарт: Кыргызстан, Россия, Казакстан ж.б.*).

Беш субтестти камтыган жалпы жыйынтык «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин сайтына жайгаштырылат.

Тест тапшыруучулар өз жыйынтыгын купуялык номурлары аркылуу «Кыргызтесттин» **www.kyrgyztest.gov.kg** сайтынан алышат.

Мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо тести 2021-жылы 4-январда башталып, 30-декабрда аяктады.

2021-жылы мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо тестине жалпысынан 5 миңден ашуун адам катышты. Алардын ичинен мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер - 3352 жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына талапкерлер – **1685** (*1,2-таблица*).

1-таблица

№	АТЫ	ТЕСТКЕ КАТЫШКАНДАРДЫН САНЫ
1.	Мамлекеттик кызматкерлер	3352
2.	Талапкерлер (B2 деңгээли)	1685
Бардыгы:		**5037**

2-таблица

Тестке катышкан кызматкерлердин саны		
№	**облустар**	**катышкандар (жалпы саны)**
1	**БИШКЕК**	**2531**
2	**БАТКЕН**	**32**
3	**ОШ**	**254**
4	**ЖАЛАЛ-АБАД**	**49**
5	**ЫСЫК-КӨЛ**	**103**
6	**НАРЫН**	**14**
7	**ТАЛАС**	**10**
8	**ЧҮЙ**	**359**
Республика боюнча		**3352**

1-диаграмма




Аймактар боюнча тест жыйынтыктары (*3,4-таблица, 2-3-диаграмма*).

3-таблица

АЙМАКТАР	КАНААТТАНДЫРАРЛЫК (саны)	КАНААТТАНДЫРАРЛЫК ЭМЕС (саны)
БИШКЕК шаары	1023	1508
БАТКЕН облусу	**15**	**17**
ОШ облусу	122	132
ЖАЛАЛ-АБАД облусу	31	18
ЫСЫК-КӨЛ облусу	**66**	**37**
НАРЫН облусу	12	2
ТАЛАС облусу	6	4
ЧҮЙ облусу	195	164
БАРДЫГЫ:	**447**	**374**


2-диаграмма



4-таблица

АЙМАКТАР	КАНААТТАНДЫРАРЛЫК (%)	КАНААТТАНДЫРАРЛЫК ЭМЕС (%)
БИШКЕК шаары	40,4%	59,6%
БАТКЕН облусу	**46,9%**	**53,1%**
ОШ облусу	48,0%	52,0%
ЖАЛАЛ-АБАД облусу	63,3%	36,7%
ЫСЫК-КӨЛ облусу	**64,1%**	**35,9%**
НАРЫН облусу	85,7%	14,3%
ТАЛАС облусу	60,0%	40,0%
ЧҮЙ облусу	54,3%	45,7%
ЖАЛПЫ:	**54,4%**	**45,6%**

3-диаграмма



5. ТЕСТ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ, БИШКЕК ШААРЫ

Бишкек шаары боюнча 2531 кызматкер тестке катышты. Алардын ичинен «канааттандырарлык» деген жыйынтыкка 1023 кызматкер ээ болду (40,4%).

«Жазуу» жана «Сүйлөө» субтесттеринин жоопторуна коюлган талаптар жогорулатылгандыктан, 2021-жылдын көрсөткүчтөрү жылда алынган көрсөткүчтөрдөн төмөндөгөнү байкалат *(5-таблица)*.

5-таблица

АЙМАК	«КАНААТТАНДЫРАРЛЫК» ЖЫЙЫНТЫК (%)		
	2020-жыл	2021-жыл	(-)
БИШКЕК шаары	55,7%	40,4%	15,3%


6. РЕСПУБЛИКА БОЮНЧА ДЕҢГЭЭЛДИК КӨРСӨТКҮЧТӨР

«Канааттандырарлык» жыйынтыгы деңгээлдер боюнча *(6,7-таблица, 4,5,6-диаграмма)*

6-таблица

АЙМАКТАР	ДЕҢГЭЭЛДЕР БОЮНЧА САНЫ				
	A1	A2	B1	B2	C1
БИШКЕК шаары	27	44	227	532	193
БАТКЕН облусу	0	0	5	8	2
ОШ облусу	3	3	31	62	23
ЖАЛАЛ-АБАД облусу	0	0	12	17	2
ЫСЫК-КӨЛ облусу	0	6	9	35	16
НАРЫН облусу	0	0	0	10	2
ТАЛАС облусу	0	0	3	2	1
ЧҮЙ облусу	11	16	86	63	19
БАРДЫГЫ:	41	69	373	729	258


4-диаграмма



7-таблица

АЙМАКТАР	ДЕҢГЭЭЛДЕР БОЮНЧА, %				
	A1	A2	B1	B2	C1
БИШКЕК шаары	2,6%	4,3%	22,2%	52,0%	18,9%
БАТКЕН облусу	0,0%	0,0%	33,3%	53,3%	13,3%
ОШ облусу	2,5%	2,5%	25,4%	50,8%	18,9%
ЖАЛАЛ-АБАД облусу	0,0%	0,0%	38,7%	54,8%	6,5%
ЫСЫК-КӨЛ облусу	0,0%	9,1%	13,6%	53,0%	24,2%
НАРЫН облусу	0,0%	0,0%	0,0%	83,3%	16,7%
ТАЛАС облусу	0,0%	0,0%	50,0%	33,3%	16,7%
ЧҮЙ облусу	5,6%	8,2%	44,1%	32,3%	9,7%
БАРДЫГЫ:	2,8%	4,7%	25,4%	49,6%	17,6%

5-диаграмма



№	АЙМАКТАРДЫН АТАЛЫШЫ	ДЕҢГЭЭЛДЕР БОЮНЧА САНЫ, %									
		A1		A2		B1		B2		C1	
1	БИШКЕК	27	2,6%	44	4,3%	227	22,2%	532	52,0%	193	18,9%
2	БАТКЕН	0	0,0%	0	0,0%	5	33,3%	8	53,3%	2	13,3%
3	ОШ	3	2,5%	3	2,5%	31	25,4%	62	50,8%	23	18,9%
4	ЖАЛАЛ-АБАД	0	0,0%	0	0,0%	12	38,7%	17	54,8%	2	6,5%
5	ЫСЫК-КӨЛ	0	0,0%	6	9,1%	9	13,6%	35	53,0%	16	24,2%
6	НАРЫН	0	0,0%	0	0,0%	0	0,0%	10	83,3%	2	16,7%
7	ТАЛАС	0	0,0%	0	0,0%	3	50,0%	2	33,3%	1	16,7%
8	ЧҮЙ	11	5,6%	16	8,2%	86	44,1%	63	32,3%	19	9,7%
РЕСПУБЛИКА БОЮНЧА:		**41**	**2,8%**	**69**	**4,7%**	**373**	**25,4%**	**729**	**49,6%**	**258**	**17,6%**

ЭЛЕМЕНТАРДЫК ДЕҢГЭЭЛ (A1)

A1 деңгээли боюнча «канааттандырарлык» деген жыйынтыкты 5,6% менен **эң көп** алган Чүй облусу, ал эми 2,5% менен **эң эле аз** алган Ош облусу болду.


БАЗАЛЫК ДЕҢГЭЭЛ (A2)

A2 деңгээли боюнча «канааттандырарлык» деген жыйынтыкка 9,1% менен **эң көп** Ысык-Көл облусунда ээ болушса, **эң эле аз** 2,5% менен Ош облусунда ээ болушту.

ОРТОҢКУ ДЕҢГЭЭЛ (B1)


B1 деңгээли боюнча «канааттандырарлык» деген жыйынтык Талас облусунда эң көп болуп, 50,0% түзсө, ал эми Ысык-Көл облусунда **эң эле аз** 13,6% болду.

ДЕҢГЭЭЛДЕР БОЮНЧА КӨРСӨТКҮЧТӨР, A1




	БИШКЕК ш.	БАТКЕН	ОШ	ЖАЛАЛ-АБАД	ЫСЫК-КӨЛ	НАРЫН	ТАЛАС	ЧҮЙ
A1	2,6%	0,0%	2,5%	0,0%	0,0%	0,0%	0,0%	5,6%

ДЕҢГЭЭЛДЕР БОЮНЧА КӨРСӨТКҮЧТӨР, A2



	БИШКЕК ш.	БАТКЕН	ОШ	ЖАЛАЛ-АБАД	ЫСЫК-КӨЛ	НАРЫН	ТАЛАС	ЧҮЙ
A2	4,3%	0,0%	2,5%	0,0%	9,1%	0,0%	0,0%	8,2%





ОРТОДОН ЖОГОРУ ДЕҢГЭЭЛ (B2)

B2 деңгээли боюнча Нарын облусу 83,3% менен **эң көп** «канааттандырарлык» деген жыйынтыкка ээ болсо, ал эми **эң эле аз** «канааттандырарлык» жыйынтыгына Чүй облусу 32,3% менен ээ болду.


ЖОГОРКУ ДЕҢГЭЭЛ (C1)

C1 деңгээли боюнча Ысык-Көл облусунда 24,2% менен **эң көп** «канааттандырарлык» деген жыйынтык алышса, Жалал-Абад облусунда 51 кызматкер б.а., 6,5% менен **эң эле аз** «канааттандырарлык» деген жыйынтыкка ээ болушту.



ДЕҢГЭЭЛДЕР БОЮНЧА КӨРСӨТКҮЧТӨР, B2
ЧҮЙ
ТАЛАС
НАРЫН
ЫСЫК-КӨЛ
ЖАЛАЛ-АБАД
ОШ
БАТКЕН
БИШКЕК ш.
32,3%
33,3%
83,3%
53,0%
54,8%
50,8%
53,3%
52,0%
0,0% 10,0% 20,0% 30,0% 40,0% 50,0% 60,0% 70,0% 80,0% 90,0%
B2
БИШКЕК ш. БАТКЕН ОШ ЖАЛАЛ-АБАД ЫСЫК-КӨЛ НАРЫН ТАЛАС ЧҮЙ
B2 52,0% 53,3% 50,8% 54,8% 53,0% 83,3% 33,3% 32,3%


ДЕҢГЭЭЛДЕР БОЮНЧА КӨРСӨТКҮЧТӨР, C1
ЧҮЙ
ТАЛАС
НАРЫН
ЫСЫК-КӨЛ
ЖАЛАЛ-АБАД
ОШ
БАТКЕН
БИШКЕК ш.
9,7%
16,7%
16,7%
24,2%
6,5%
18,9%
13,3%
18,9%
0,0% 5,0% 10,0% 15,0% 20,0% 25,0% 30,0%
C1
БИШКЕК ш. БАТКЕН ОШ ЖАЛАЛ-АБАД ЫСЫК-КӨЛ НАРЫН ТАЛАС ЧҮЙ
C1 18,9% 13,3% 18,9% 6,5% 24,2% 16,7% 16,7% 9,7%


7. ДЕҢГЭЭЛДЕР БОЮНЧА КӨРСӨТКҮЧТӨР, АЙМАКТАР




Бишкек шаарында **B2** деңгээли боюнча тест тапшыргандардын саны көп болуп**,** ал эми **A1** деңгээлине тапшырган жарандардын саны аз болду.




Баткен облусунда да жогорудагыдай жыйынтык болду, б.а., **B2** деңгээлине тест тапшыргандардын саны көп**,** ал эми **A1** деңгээлине тапшырган жарандардын саны аз.




Жалал-Абад облусу боюнча **B2** деңгээлине тапшырган жарандар көрсөткүчтүн 54,8 пайызын түзүп, аталган деңгээл боюнча эң көп тапшырышты, ал эми 6,5 пайыз менен **C1** деңгээлине тапшыргандар аз болду.




Нарын облусу боюнча да эң жогорку көрсөткүч **B2** деңгээли боюнча, ал эми **C1** деңгээлине тапшыргандар 16,7 пайызды түздү.




Ош облусу боюнча тест тапшыруучулардын көбү **B2** деңгээлине, ал эми эң эле аз **A1** жана **A2** деңгээлдерине тапшырышты.



Талас облусу боюнча **B1** деңгээлине тапшырган жарандар көрсөткүчтүн 50,0 пайызын түзүп, аталган деңгээл боюнча эң көп тапшырышты, ал эми 16,7 пайыз менен **C1** деңгээлине тапшыргандар аз болду.



Чүй облусу боюнча да **B1** деңгээлине тапшырган жарандар көрсөткүчтүн 44,1 пайызын түзүп, аталган деңгээл боюнча эң көп тапшырышты, ал эми 5,6 пайыз менен **A1** деңгээлине тапшыргандар аз болду.




Ысык-Көл облусунда **B2** деңгээли боюнча тест тапшыргандардын саны көп болуп**,** ал эми **A2** деңгээлине тапшырган жарандардын саны аз болду.

8. РЕСПУБЛИКА БОЮНЧА ТЕСТКЕ КАТЫША ЭЛЕК КЫЗМАТЧЫЛАР

2021-жылы Кыргыз Республикасынын мекемелердин тарабынан берилген тизме боюнча жалпысынан тестке 2781 кызматкер катыша элек *(8-таблица)*.

8-таблица

ТЕСТКЕ КАТЫША ЭЛЕК КЫЗМАТЧЫЛАРДЫН САНЫ		
№	**облустар**	**катышпагандар (жалпы саны)**
1	**БИШКЕК**	**774**
2	**БАТКЕН**	**513**
3	**ОШ**	**403**
4	**ЖАЛАЛ-АБАД**	**291**
5	**ЫСЫК-КӨЛ**	**149**
6	**НАРЫН**	**29**
7	**ТАЛАС**	**210**
8	**ЧҮЙ**	**412**
Республика боюнча		**2781**



Республикадагы эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу 2021-жылы мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин арасында тест тапшыруучулардын саны 2019-жылга салыштырганда 21,4% азайгандыгы байкалат.

9-таблица

АЙМАКТАР	КАНААТТАНДЫРАРЛЫК (%)			КАНААТТАНДЫРАРЛЫК ЭМЕС (%)		
	2019-жыл	2021-жыл	(+,-)	2019-жыл	2021-жыл	(+,-)
ОШ облусу	60,3%	48,0%	-12,3%	39,7%	52%	-12,3%
ЖАЛАЛ-АБАД облусу	59,2%	63,3%	+4,1%	40,8%	36,7%	+4,1%
ЫСЫК-КӨЛ облусу	65,8%	64,1%	-1,7%	34,2%	35,9%	+1,7%
БАТКЕН облусу	60,4%	46,9%	-13,5%	39,6%	53,1%	+13,5%
ЧҮЙ облусу	59,4%	54,3%	-5,1%	40,6%	45,7%	+5,1%
НАРЫН облусу	77,5%	85,7%	+8,2%	22,5%	14,3%	-8,2%
ТАЛАС облусу	58,6%	60,0%	+1,4%	41,4%	40,0%	-1,4%
ОБЛУСТАР БОЮНЧА:	**62,0%**	**54,4%**	**-7,6%**	**38,0%**	**45,6%**	**+7,6%**
БИШКЕК шаары	68,6%	40,4%	-28,2%	31,4%	59,6%	+28,2%
РЕСПУБЛИКА БОЮНЧА:	**64,3%**	**43,9%**	**-20,4%**	**35,7%**	**56,1%**	**+20,4%**

2021-жылы «Жазуу» жана «Сүйлөө» субтесттеринин жоопторуна коюлган талаптар жогорулатылгандыктан, 2019-жылы «канааттандырарлык эмес» жыйынтыгына ээ болгон жарандардын саны 20,4%га жогорулаганы байкалат.

10-таблица

АЙМАКТАР	B1 ДЕҢГЭЭЛИ (%)			АЙМАКТАР	B2 ДЕҢГЭЭЛИ (%)		
	2019-ж.	2021-ж.	(+, -)		2019-ж.	2021-ж.	(+, -)
ОШ облусу	36,1%	25,4%	-10,7%	**ОШ облусу**	21,5%	50,8%	29,3%
ЖАЛАЛ-АБАД облусу	43,3%	38,7%	-4,6%	**ЖАЛАЛ-АБАД облусу**	35,2%	54,8%	19,6%
БАТКЕН облусу	42,8%	33,3%	-9,5%	**БАТКЕН облусу**	26,9%	53,3%	26,4%
ЧҮЙ облусу	57,8%	44,1%	-13,7%	**ЧҮЙ облусу**	21,0%	32,3%	11,3%
ТАЛАС облусу	58,7%	50,0%	-8,7%	**ТАЛАС облусу**	28,7%	33,3%	4,6%
ЫСЫК-КӨЛ облусу	59,4%	44,1%	-15,3%	**ЫСЫК-КӨЛ облусу**	25,8%	53,0%	27,2%
НАРЫН облусу	45,2%	0,0%	-45,2%	**НАРЫН облусу**	44,3%	83,3%	39%
ОБЛУСТАР БОЮНЧА:	**46,6%**	**32,7%**	**-13,9%**	**ОБЛУСТАР БОЮНЧА:**	**28,4%**	**44,1%**	**15,7%**
БИШКЕК шаары	43,7%	22,2%	-21,5%	**БИШКЕК шаары**	21,7%	52,0%	30,3%
РЕСПУБЛИКА БОЮНЧА:	**45,5%**	**25,4%**	**-20,1%**	**РЕСПУБЛИКА БОЮНЧА:**	**25,9%**	**49,6%**	**23,7%**

Таблицада берилгендей:

- B2 деңгээлине **республика боюнча** 2021-жылы тест тапшыргандардын саны (49,6%) 2019-жылга караганда (25,9%) орто эсеп менен 23,7%га жогорулады;
- B2 деңгээлине тест **облустар боюнча** 2021-жылы тапшыргандардын саны (44,1%) 2019-жылга караганда (28,4%) орто эсеп менен 15,7%га жогорулады;
- B1 деңгээлине **республика боюнча** 2021-жылы тест тапшыргандардын саны (25,4%) 2019-жылга караганда (45,5%) 20,1%га азайышы байкалат (10-*таблица*).

9. «КЫРГЫЗТЕСТ» МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕСИНИН ЛИНГВИСТИКАЛЫК ЭКСПЕРТТИК КЕҢЕШМЕСИНИН КОРУТУНДУСУ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө», «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Административдик кызмат орундарын ээлеген мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлердин мамлекеттик тилди өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн керектүү көлөмдө билүү деңгээлин белгилөө жана аны мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине киргизүү мөөнөтү жөнүндө» 2017-жылдын 21-ноябрындагы №757 Токтомун аткаруу алкагында Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында жүргүзүлгөн тесттердин жыйынтыктарына анализ жүргүзүүнүн негизинде кызматкерлердин басымдуу бөлүгүнүн кыргыз тилинен бардык көндүмдөрү жетиштүү деңгээлде калыптанганы жана айрым учурда төмөндөгүлөр аныкталды:

- жазуу субтестинде орфографиялык жана стилистикалык каталар кетирилет;
- жазууда да, сүйлөөдө да адабий тилдик нормалар сакталбай, диалектилик сөздөр колдонулат;
- жазуу жана сүйлөө иштеринде этиштин формалары туура эмес колдонулат;
- сүйлөөдө орфоэпиялык каталар кездешет;
- жазуу жана сүйлөө жоопторунда нускамада көрсөтүлгөн көлөмдүк талаптар аткарылбай, тема толук ачылбайт;
- «Жазуу» субтестин аткарууда аймактарда компьютердик техниканы колдоно албаган кызматкерлердин арбын экендиги аныкталды.

10. «КЫРГЫЗТЕСТ» МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕСИНИН ЛИНГВИСТИКАЛЫК ЭКСПЕРТТИК КЕҢЕШМЕСИНИН СУНУШТАРЫ

2019-жылда жүргүзүлгөн тесттин жыйынтыгы менен мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө тиешеси бар бардык түзүмдөрдү тааныштыруу зарыл.

Тест жыйынтыктарынын негизинде, тилди окутуу программаларын карап чыгып, аларды «Кыргызтест» системасынын талаптарына ылайык түзүү, мамлекеттик тил мугалимдеринин дасыгын жогорулатуу аркылуу балдар бакчасынан тартып мамлекеттик кызматчыларга чейин окутуудагы

бардык көндүмдөрүн («Угуу», «Окуу», «Жазуу», «Сүйлөө») бир катар өнүктүрүү, окутуу курстарын көбөйтүү жана тилди окутуунун деңгээлин көтөрүү зарыл.

Тилди билүү деңгээлдери боюнча сапаттык көрсөткүчтөрдү жогорулатуу жолдорун карап чыгып, тилди эффективдүү үйрөтүүгө багытталган иш-чараларды республиканын бардык аймактарында жүргүзүү, тактап айтканда, тажрыйба алмашуу семинарларын өткөрүп, деңгээлдер боюнча ар тармактагы жаңы муундагы заманбап окуу куралдарын, электрондук китептерди, мобилдик тиркемелерди жана колдонмолорду иштеп чыгуу зарыл.